DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2020

*Мехмет Шүкүрү Дүндар*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ МИКРОФИНАНСЫЛЫК УЮМДАРДЫН МИКРОКРЕДИТТЕРДИ БЕРҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ ЖАНА УЧУРДАГЫ АБАЛЫ

*Дундар Мехмет Шукуру*

# ОСОБЕННОСТИ ВЫДАЧИ МИКРОКРЕДИТОВ МИКРОФИНАНСОВЫМИ ОРГАНИЗАЦИЯМИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ И ИХ СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ

*Dundar Mehmet Shukuru*

# FEATURES OF THE ISSUANCE OF MICROCREDITS BY MICROFINANCE ORGANIZATIONS OF THE KYRGYZ REPUBLIC AND ITS CURRENT STATE

*УДК: 336.773*

*Макалада Кыргыз Республикасынын банктын кызматынан пайдалана албаган калктын аярлуу катмарын, өзүн жумуш менен камсыздоо жана ишкерлерди утурумдук жетишпеген финансылык каражаттар менен камсыз кылуу үчүн иш аракетин жасап жаткан микрофинансылык уюмдардын микрокредиттерди берүү өзгөчөлүктөрү каралган. Ар кандай өлчөмдө, мөөнөткө жана орточо өлчөнгөн жылдык пайызды эске алуу менен берилиши жана учурдагы абалы. Берилген микрокредиттердин мөөнөтүнө карата жылдык көлөмүнүн динамикасы, 2019-жылы берилген микрокредиттердин өлчөмү боюнча мөөнөттөргө бөлүнүшү, берилген мөөнөткө карата микрокредиттерди алуучулардын динамикасы, 2019-жылы өлчөмү жана мөөнөтү боюнча микрокредиттерди алуучулардын саны, микрокредиттердин орточо өлчөнгөн жылдык пайызы, калктын алган микрокредиттери боюнча карыздары, 2019-жылы өлчөмү жана мөөнөтү боюнча микрокредиттик карызы бар алуучулар жана башка маселелер каралды.*

***Негизги сөздөр:*** *микрокредит, микрокредиттик уюмдар, микрокредит берүү, өзгөчөлүктөр, өлчөмү, мөөнөт, жылдык пайызы, микрокредит алуучу.*

*В статье рассмотрены особенности выдачи микрокредитов микрофинансовыми организациями Кыргызской Республики уязвимым слоям населения республики, которые не могут пользоваться услугами банков, самозанятым и предпринимателям для временного использования недостающих финансовых ресурсов.По объему, срокам и средневзвешенным процентным ставкам, и ее современное состояние. Динамика объемов выданных микрокредитов по срокам, распределение выданных микрокредитов в 2019 году по объему на сроки, динамика получателей выданных микрокредитов по срокам, численность получателей микрокредитов в 2019 году по объему и срокам, средневзвешенная процентная ставка выданных микрокредитов, задолженность населения по полученным кредитам, численность должников получателей микрокредитов по объему и срокам и другие вопросы.*

***Ключевые слова:*** *микрокредит, микрокредитная организация, микрокредитование, особенности, размер, срок, годовой процент, получатель микрокредита.*

*The article discusses the features of the issuance of microcredits by microfinance organizations of the Kyrgyz Republic to vulnerable groups of the population of the republic who cannot use the services of banks, self-employed and entrepreneurs for the temporary use of the lacking financial resources: in terms of volume, timing and weighted average interest rates, and its current state: dynamics of the volume of issued microcredits by maturity, distribution of micro loans issued in 2019 by volume by maturity, dynamics of recipients of issued micro loans by maturity, number of recipients of micro loans in 2019 by volume and maturity, weighted average interest rate of issued micro loans, household debt on loans received, number of debtors recipients of micro loans in terms of volume and terms, etc. etc.*

***Key words:*** *micro-credit, micro-credit organization, micro-credit, features, size, term, annual percentage, recipient of micro-credit.*

Кыргыз Республикасындагы банктардын кызматын кээ бир шарттар боюнча пайдалана албаган калктын аярлуу катмарын, өзүн жумуш менен камсыздаган инсандарды жана ишкерлерди утурумдук жетишпеген финансылык каражаттар менен колдоо үчүн республиканын баардык аймактарында микрокредиттик уюмдар Жогорку Кенеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдардын чегинде иш аракетин жүргүзүп келе жатышат.

Ошону менен бирге эле микрокредиттик уюмдар кредиттерди берүүдө жалпы республикадагы саясий-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



социалдык-экономикалык процесстерди жана микрофинансылык рыноктогу түзүлгөн абалды, тобокелдиктерди, микрофинансылык чөйрөдө финансылык каражаттарга болгон суроо-талапты [1, 333] ж.б.у.с. эске алуу менен ар кандай өлчөмдө, мөөнөткө жана орточо өлчөнгөн жылдык пайызга берип келе жатышат.

*1-таблица*

**Берилген микрокредиттердин мөөнөтүнө карата жылдык көлөмүнүн динамикасы** *(млн. сом)[2.3]*

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | Өсүү темпи % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин көлөмү, бардыгы: | 18 325,2 | 13 300,5 | 17166,5 | 23.116,2 | 30.188,2 | 164,7 |
| анын ичинен: 3 айга чейинки мөөнөткө | 272,0 | 188,4 | 431,9 | 346,0 | 412,6 | 151,7 |
| 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө | 565,0 | 384,8 | 735,1 | 1.236,6 | 1.652,9 | 2,9 эсе |
| 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө | 8 391,8 | 5 790,8 | 8204,7 | 11.366,6 | 13.296,9 | 152,1 |
| 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 8 742,1 | 6 634,0 | 7386,8 | 9.184,2 | 13.580,4 | 155,3 |
| 3 жылдан жогорку мөөнөткө | 354,3 | 302,4 | 408,0 | 982,9 | 1.245,5 | 3,5 эсе |

Биринчи таблицада берилген көрсөткүчтөргө көңүл бурсак, анда Кыргыз Республикасындагы микрокредиттик уюмдар тарабынан берилген кредиттердин көлөмү белгиленген убакыт аралыгына берилгенин байкасак болот. Изилдөө аралыгында жеке тараптарга берилген кредиттердин көлөмү 18325,2 сомдон (2015-ж.) 30188,2 млн. сомго чеин (2019-ж.) же болбосо 64,7%га өскөнүн көрсөк болот.

Анын ичинен берилген микрокредиттин көлөмү:

- 3 айга чейинки мөөнөткө 51,7% ж.б. 272,0 млн. сомдон 412,6 млн. сомго;
- 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө 2,9 эсеге, ж.б. 565,0 млн. сомдон 1652,9 млн. сомго;
- 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө 52,1%, ж.б. 8391,8 сомдон 13296,9 млн. сомго;
- 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө 55,3% ж.б. 8742,1 млн. сомдон 13580,4 млн. сомго жана 3 жылдан жогорку мөөнөткө 3,5 эсе ж.б. 254,3 млн. сомдон 1245,5 млн. сомго өскөнүн көрүүгө болот.

Микрокредиттерди берүүдө эң бат өсүү темпи 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө (2,9 эсе) жана 3 жылдан жогорку мөөнөткө (3,5 эсе) байкалат. 2019-жылдын аягына карата берилген микрокредиттердин көлөмү боюнча эң көп 13.580,4 млн. сом кредит ж.б. 44,9%ы 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 13.296,9 млн. сом ж.б. 44,0% 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө жана 1652,9 млн. сом 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө берилген.

*2-таблица*

**2019 жылы берилген микрокредиттердин өлчөмү боюнча мөөнөттөргө бөлүнүшү** *(млн. сом) [2.5]*

| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин өлчөмү | Бардыгы | Анын ичинен | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3 айга чейинки мөөнөткө | 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө | 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө | 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 3 жылдан жогорку мөөнөткө |
| 10 миң сомго чейин | 786,9 | 108,0 | 241,9 | 416,9 | 20,0 | 0,0 |
| 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин | 3.703,5 | 109,6 | 676,4 | 2.716,3 | 201,0 | 0,2 |
| 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин | 5.773,7 | 88,0 | 437,3 | 3.810,8 | 1.436,6 | 0,9 |
| 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин | 16.779,8 | 87,4 | 279,1 | 6.089,2 | 10.140,4 | 183,9 |
| 300 миң сомдон жогору | 3.144,3 | 19,5 | 18,2 | 263,6 | 1.782,3 | 1.060,6 |
| **Баары** | **30.188,2** | **412,6** | **1.652,9** | **13.296,9** | **13.580,4** | **1.245,5** |

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



2019-жылы калкка берилген микрокредиттердин өлчөмү боюнча бөлүштүрсөк, анда 2-таблицадан көрүнүп тургандай, изилдөө аралыгындагы маалыматтардай эле, эң көп суммадагы 16779,8 млн. сом же болбосо берилген жалпы микрокредиттердин 55,6%ы 50 миң сомдон 300 миң сомго чейинки кредиттерди түзгөн. Анын ичинен 87,4 млн. сом ж.б. 0,5%ы 3 айга чейинки мөөнөткө, 279,1 млн. сом ж.б. 1,7% 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 6.089,2 млн. сом ж.б. 36,3%ы 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 10.140,4 млн. сом 60,4% 1-3 жылга чейинки мөөнөткө жана 183,9 млн. сом ж.б. 1,1% 3 жылдан жогорку мөөнөткө берилген.

Андан кийинки орунда микрокредиттердин өлчөмү боюнча берилген кредиттердин суммасы боюнча экинчи орунда 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин берилген микрокредиттер ээлейт. Жалпы берилген микрокредиттин (5.773,7 млн. сом) 3.810,8 млн. сом 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 1.436,6 млн. сом 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 437,3 млн. сом 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 88,0 млн. сому 3 айга чейинки мөөнөткө жана 0,9 млн. сому 3 жылдан жогорку мөөнөткө пайдаланылган.

10 миң сомдон 25 миң сомго чейин берилген микрокредиттердин жалпы суммасы 3.703,5 млн. сомду түзсө, анда эң көп сумма 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө (2.716,3 млн. сом), андан кийин 676,4 млн. сом 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 109,6 млн. сом 3 айга чейинки мөөнөткө берилсе, 201,0 млн. сом 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 0,2 млн. сом 3 жылдан жогорку мөөнөткө пайдаланууга берилген.

300 миң сомдон жогору микрокредиттердин (3144,3 млн. сом) 1.782,3 млн. сому 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 1.060,6 млн. сому 3 жылдан жогорку мөөнөткө, 263,6 млн. сому 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 18,2 млн. сому 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө жан 19,5 млн. сому 3 айга чейинки мөөнөткө берилген.

Ошондой эле 10 миң сомго чейин микрокредиттердин 416,9 млн. сому 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө пайдаланылса, 241,9 млн. сом 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 108,0 млн. сом 3 айга чейинки мөөнөткө берилген. Жалпы берилген микрокредиттин (786,9 млн. сом) 20,0 млн. сому 3 жылдан жогорку мөөнөткө берилген.

Ошентип, берилген микрокредиттердин өлчөмү боюнча төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот:

- эң көп суммадагы берилген кредиттер 50 миң сомдон 300 миң сомго чейинки сумманы (16.779,8 млн. сом) жана 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөттү түзгөн;
- 10 миң сомго жана 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин суммадагы кредиттерди 6 дан 12 айга жана көбүнчө кыска мөөнөткө алынган;
- 300 миң сомдон жогору суммадагы кредиттерди 1 жылдан 3 жылга жана 3 жылдан жогорку мөөнөткө берилген.

*3-таблица*

**Берилген мөөнөткө карата микрокредиттерди алуучулардын динамикасы** *(адам) [2.4]*

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | Өсүү темпи % |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин өлчөмү, бардыгы: | 333 658 | 239 413 | 307.997 | 481.895 | 624.460 | 187,2 |
| анын ичинен: 3 айга чейинки мөөнөткө | 5 694 | 8 487 | 19.158 | 17.851 | 25.889 | 4,5 эсе |
| 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө | 14 748 | 10 863 | 28.849 | 64.823 | 88.704 | 6,0 эсе |
| 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө | 187 369 | 129 421 | 184.124 | 297.160 | 371.331 | 198,2 |
| 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 125 301 | 90 206 | 74.807 | 100.108 | 136.104 | 108,6 |
| 3 жылдан жогорку мөөнөткө | 546 | 436 | 1.059 | 1.953 | 2.432 | 4,5 эсе |

Үчүнчү таблицада микрокредит алуучулардын изилдөө аралыгындагы динамикасы берилген мөөнөтүнө жараша көргөзүлгөн. Берилген көрсөткүчтөрдүн негизинде 2015жылы микрокредиттерди алуучулардын саны 333658 алуучудан 2019 жылдын аягына чейин 624460 алуучуга жеткен, же болбосо 87,2% га өскөндүгүн белгилеп кетсек болот. Кредит алуучулардын эң көп өсүү темпи ж.б. 6,0 эсеге өсүү 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө алуучуларды түзсө, андан кийинки мөөнөттөргө 4,5 эсеге өсүү 3 айга чейинки мөөнөткө жана 3 жылдан жогорку мөөнөттү түзүшкөн. Изилдөө аралыгында калган мөөнөткө кредит алуучулардын саны да өскөнүн байкасак болот. 1 жылдан 3 жыл аралыгына алган кредит алуучулардын кана саны 8,6% өскөн.

Ошентип 3 айга чейинки, 3айдан 6 айга жана 3 жылдан көбүрөөк мөөнөткө кредит алуучулардын саны эселеп өскөнүн жана да эң көп сандагы кредит алуучулар 6 айдан 12 айга жана 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө кредит алгандарды түзгөн.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*4-таблица*

**2019 жылы өлчөмү жана мөөнөтү боюнча микрокредиттерди алуучулардын саны** *(адам) [2.7]*

| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин өлчөмү | Бардыгы | анын ичинен | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3 айга чейинки мөөнөткө | 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө | 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө | 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 3 жылдан жогорку мөөнөткө |
| 10 миң сомго чейин | 95853 | 16016 | 31665 | 46198 | 1969 | 5 |
| 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин | 211370 | 6857 | 41767 | 152465 | 10270 | 11 |
| 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин | 145212 | 2168 | 11890 | 97019 | 34113 | 22 |
| 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин | 166653 | 824 | 3345 | 75391 | 86232 | 861 |
| 300 миң сомдон жогору | 5372 | 24 | 37 | 258 | 3520 | 1533 |
| **Баары** | 624460 | 25889 | 88704 | 371331 | 136104 | 2432 |

2019-жылдын көрсөткүчтөрү боюнча өлчөмү жана мөөнөтү боюнча микрокредиттерди алуучулардын саны 4-таблицада камтылган. Микрокредиттик уюмдардан эң көп кредит алуучулар 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин өлчөмдөгү кредиттерди түзсө (211370 адам), алардын ичинен 152.465 адам же болбосо жалпы микрокредит алуучулардын 72,1%ы 6 дан 12 айга чеин убакыт аралыгына, 41.767 алуучу ж.б. 19,8%ы 3айдан 6 айга чейинки аралыкка, 10.270 алуучу ж.б. 4,9%ы 1 жылдан 3 жылга чейинки убакыт аралыгына, 6.857 алуучу ж.б. 3,2%ы 3 айга чейинки убакыт аралыгына алышкан.

50 миң сомдон 300 миң сом өлчөмү боюнча берилген микрокредиттерди 166.653 алуучу алса, анын ичинен 51,7%ы, же болбосо 86232 алуучу 1 жылдан 3 жыл убакыт аралыгына, 45,2%ы ж.б. 75391 алуучу 6 айдан 12 айга чеинки убакытка, 20,0%ы ж.б. 3345 алуучу 3 айдан 6 ай убакыт аралыгына,861(0,5%) адам 3 жылдан жогорку мөөнөткө жана 824 (0,5%) адам 3 айга чейинки мөөнөткө берилген.

Андан кийинки орунда микрокредиттердин өлчөмү жана мөөнөтү боюнча 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин суммадагы микрокредит алгандардын саны 145.212 адам болсо, анын ичинен 97.019 алуучу (66,8%) адам 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 34.113 адам (23,5%) 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 11.890 адам (8,2%) 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө, 2.168 адам (1,5%) 3 айга чейинки мөөнөткө жана 22 адам 3 жылдан жогорку мөөнөткө алышкан.

Ошондой эле 300 миң сомдон жогору микрокредит алгандардын саны 5.372 адамды түзүп, андан 3.520 адам (65,5%) 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө, 1.533 адам (28,5%) 3 жылдан жогорку мөөнөткө, 258 адам (4,8%) 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө, 37адам 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө жана 24 адам 3 айга чейинки мөөнөткө алуучуларды түзгөн.

Талданган маалыматтардын негизинде төмөнкүлөрдү белгилеп кетсе болот: кредит алуучулардын саны берилген микрокредиттердин өлчөмүнө жана мөөнөтүнө жараша бир топ өзгөргөнүн баса белгилеп кетишибиз керек. Негизинен микрокредит алуучулар 10 миң сомго чейин жана 10 миң сомдон 25 миң сомго чейинки суммадагы кредиттерди көбүнчө кыска убакытка алып пайдаланышса, а 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин жана 300 миң сомдон жогору сумманы 1 жылдан 3 жыл убакыт аралыгына жана 3 жылдан көбүрөөк убакытка алышкан.

5-таблицада 2019 жылы берилген микрокредиттердин орточо өлчөнгөн жылдык пайызы көрсөтүлгөн. Микрокредиттердин өлчөмүнө жана мөөнөтүнө карата орточо өлчөнгөн жылдык пайыз да, таблицада көргөзүлгөндөй, ар башка экенин байкоого болот. Жалпысынан эң жогорку пайыз (35,7%) 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин берилген кредиттерге коюлса, анын ичинен 3 айга чейинки мөөнөткө - 34,7% га, 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө - 31,9%га, 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө -30,7%га төмөндөп, 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө - 31,8%га көтөрүлсө, 3 жылдан жогорку мөөнөткө - 27,9%ды түзүп, кайрадан төмөндөгөн.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*5-таблица*

**2019 жылы микрокредиттердин орточо өлчөнгөн жылдык пайызы** *[2.6]*

| Жеке жактарга берилген микрокредиттердин өлчөмү | Баары | анын ичинен | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3 айга чейинки мөөнөткө | 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө | 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө | 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө | 3 жылдан жогорку мөөнөткө |
| 10 миң сомго чейин | 34,4 | 33,3 | 31,3 | 29,1 | 30,3 | 28,0 |
| 10 миң сомдон 25 миң сомго чейин | 35,7 | 34,7 | 31,9 | 30,7 | 31,8 | 27,9 |
| 25 миң сомдон 50 миң сомго чейин | 35,4 | 32,3 | 31,9 | 32,7 | 33,4 | 28,0 |
| 50 миң сомдон 300 миң сомго чейин | 32,9 | 34,4 | 32,1 | 32,1 | 31,8 | 27,6 |
| 300 миң сомдон жогору | 26,6 | 21,8 | 24,1 | 24,7 | 26,9 | 25,4 |

Эң төмөнкү орточо өлчөнгөн жылдык пайыз (26,6%) 300 миң сомдон жогору берилген кредиттерге каралган. Бул көрсөткөч да берилген мөөнөтүнө жараша өзгөргөнүн байкасак болот: 3 айга чейинки мөөнөткө 21,8% га төмөндөсө, 3 төн 6 айга чейинки мөөнөткө 24,1% га, 6 дан 12 айга чейинки мөөнөткө- 24,7%, 1 жылдан 3 жылга чейинки мөөнөткө - 26,9% өсүп, 3 жылдан жогорку мөөнөткө 25,4% га кайрадан төмөндөгөн.

Жогоруда көргөзүлгөн маалыматтарга ылайык микрокредиттик уюмдар кредиттерди берүүдө жана орточо өлчөнгөн жылдык пайызды бекитүүдө жалпы республикадагы саясий-социалдык-экономикалык процесстерди жана микрофинансылык рыноктогу түзүлгөн абалды, тобокелдиктерди эсепке алуу менен бекитишкен. Микрокредиттердин үстөк пайызы суроо-талап көп өлчөмдө жана мөөнөттө берилген кредиттерге жогору коюлса, эң көп суммадагы (300 миң сомдон жогору) берилген микрокредиттерге 26,6% га чеин төмөндөтүлүп, мөөнөтүнө жараша ал пайыз да 21,8%га чеин төмөндөгөнүн көрсөк болот.

Изилдөө аралыгындагы топтолгон материалдардын (статистикалык көрсөткүчтөрдүн) жана аларды талдоонун негизинде төмөнкүдөй корутундуларды чыгарсак болот:

- микрокредиттик уюмдар берген кредиттин көлөмү жылдан жылга өсүүдө;
- микрокредиттерди алган жарандардын саны да эки эсеге жакын көбөйгөн;
- берилген микрокредиттердин өлчөмү жана мөөнөтү кредит алуучулардын санына түздөн түз таасир берүүдө;
- 2019-жылдын аягына карата берилген микрокредиттердин көлөмү боюнча эң көп кредит 3айдан 6 ай убакыт аралыгына, 6 айдан 12 ай аралыгына, 1 жылдан 3 жылга чейинки убакытка берилүүдө;
- микрокредиттердин үстөк пайызы суроо-талап көп өлчөмдө жана мөөнөттө берилген кредиттерге жогору коюлса, суммасы ири (300 миң сомдон жогору) берилген насыяларга 26,6%га чейин төмөндөтүлүп, мөөнөтүнө жараша ал пайыз да түшүрүлгөнүн байкайбыз.

**Адабияттар:**

1. Бектенова Д.Ч. Финансы и кредит. - Бишкек, 2009.
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети. / Калкты микрокредиттөө боюнча статистикалык бюллетень. - 2015-2019-жж. - Бишкек, 2020.